| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>САЙДЫКУМ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САЙДЫКУМСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы**
**№8**

**03-август 2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

Сайдыкум айыл өкмөтүнө караштуу
№10-”Кызгалдак ” балдар бакчасы,
№48 “Келечек” балдар бакчасы,
№45 “Маржан” балдар бакчасы,
№14 “Ромашка” балдар бакчасынын
№55 “Жоогазым” балдар бакчасы
балдарга берилүүчү азык-түлүк жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 28-беренесинин 4,6 пунктарына, 2026-жылдын 02-августундагы Сайдыкум айыл аймагындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ата-энелер чогулушунун протоколдоруна негиз, Сайдыкум айыл аймагындагы №10 ”Кызгалдак ” балдар бакчасы, №48 “Келечек” балдар бакчасы, №45 “Маржан” балдар бакчасы, №55 “Жоогазын” балдар бакчасы, №14 “Ромашка” балдар бакчаларынын балдардын азык-түлүгүнө ата-энелер тарабынан төлөнүүчү төлөм жөнүндөгү маселеси жана балдар бакчаларында иштеген кызматкерлердин (тарбиячылар, жардамчы тарбиячылар, ашпозчулар жана медайым) өз эсебинен ай сайын тамактануу маселесин угуп жана талкуулап, Сайдыкум айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сайдыкум айыл аймагындагы №10 “Кызгалдак” балдар бакчасы, №48 “Келечек” балдар бакчасы, №45 “Маржан” балдар бакчасы, №55 “Жоогазын” балдар бакчасы, №14 “Ромашка”балдар бакчаларынын, балдардын туура тамактануусу үчүн нормага ылайык смета түзүлүп, 2026-жылдын август айынан баштап, сметада көрсөтүлгөн акча каражаты ата-энелер эсебинен 1200 (бир миң эки жүз) сом төлөнүп берилсин.
2. Сайдыкум айыл аймагындагы №48 “Келечек”, №10 “Кызгалдак”, №14 “Ромашка”, №55 “Жоогазын” балдар бакчасы, №45 “Маржан” балдар бакчаларында иштеген кызматкерлердин (тарбиячылар, жардамчы тарбиячылар, ашпозчулар жана медайым) санына жараша тамактануусу нормага ылайык смета түзүлүп, сметада көрсөтүлгөн акча каражаты кызматкерлердин эсебинен ай сайын 600(алты жүз) сомдон төлөнүп берилсин.
3. Жогоруда балдар бакчаларынын тамактануусуна ата-энелер жана бала бакчадагы кызматкерлердин (тарбиячылар, жардамчы тарбиячылар, ашпозчулар жана медайым) тамактануусуна топтолгон акча каражат азык-түлүк сатып алуу үчүн мамлекет сатып алуулар аркылуу жүргүзүлүп, Сайдыкум айыл өкмөтүнүн бюджетине төгүп берүү жагы балдар бакчаларынын директорлоруна милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д. Матисаковго милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.А.Анарбаев**